**К.Ш.ТОКТОМАМАТОВ атындагы ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ТАЖИК УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**МАМЛЕКЕТТЕР АРАЛЫК ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ К.08.17.564**

***Кол жазма укугунда***

**УДК: 380.8:681.142.37**

**Турсунов Расул Рустамович**

# ЭМГЕК РЫНОГУНУН ТАЖИКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГРАРДЫК ТАРМАГЫНЫН ӨНҮГҮҮСҮНӨ ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

**08.00.05 – Экономика жана эл чарбасын башкаруу адистиги**

**экономика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган**

## АВТОРЕФЕРАТ

**ЖАЛАЛ-АБАД – 2019**

Диссертациялык иш Тажик академиясынын Айыл чарба экономика институтунда аткарылды

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчи:** | **Экономика илимдеринин доктору, доцент<br>Жапаров Гурас Дурболонович** |
| **Расмий оппоненттер:** | **Экономика илимдеринин доктору, профессор<br>Омурзаков Сатыбалды Ашимович** |
| | **Экономика илимдеринин кандидаты, доцент,<br>Абдиев Мурат Журатович** |
| **Жетектөөчү уюм:** | **Кыргызстандын эл аралык университети<br>«Экономика жана башкаруу» кафедрасы<br>Бишкек ш. Ж. Турусбеков көч. 89** |

Диссертациялык ишти коргоо 2019-жылдын 31-майында саат 14.00дө К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университетине, Ош мамлекеттик университетине жана Тажик улуттук университетине караштуу К.Ш. Токтомаматов атындагы Илимий изилдөөлөр, иштелмелер жана инновациялар борборунда экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча уюштурулган К.08.17.564 мамлекеттер аралык диссертациялык кеңешинин отурумунда өтөт.

Дареги: Кыргыз Республикасы, 715613, Жалал-Абад шаары, Женижок көчөсү, 30.

Диссертациялык иш менен К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин илимий китепканасынан (дареги: Кыргыз Республикасы, 715 613, Жалал-Абад шаары, Женижок көчөсү, 30) жана mnu.kg сайтында таанышууга болот.

Автореферат 2019-жылдын - апрелинде таркатылды

**К 08.17.564 мамлекеттер аралык диссертациялык кеңешинин окумуштуу катчысы, экономика илимдеринин доктору, доцент** **Маткеримова А.М.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөө темасынын актуалдуулугу**. Чарба жүргүзүүнүн рыноктук үлгүсү республиканын калкын иш менен камсыз кылуу жаатында жаңы тенденциялардын жана көйгөйлөрдүн жаралышына түрткү берет. Бул баарыдан мурун айыл чарбасынын эмгек рыногуна тиешелүү. Советтер Союзунун тарап кетиши менен бүткүл экономикалык тутумдун, айрыкча агрардык тармактагы эмгек рыногунун абалы кескин начарлады. Экономиканын даяр эместигинен улам келип чыккан трансформация шарттарында эмгек рыногунун шашпай өнүгүү темпи агрардык тармактын жай өнүгүшүнө себепчи болду.

Акыркы жылдарда агрардык тармакта калыптанган эмгек рыногун жумушчу күчүнө сурам менен сунуш теңдеминин бузулушу катары мүнөздөөгө болот. Эмгек рыногундагы басырылуу агрардык тармактын кызматкерлеринин кесипкөйлүгүнүн жана дасыгынын жетишсиздигинен да кездешет. Калкты иш менен камсыздоо, жашоо сапатын жана өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу жаатында агрардык тармактын ролун аныктоо үчүн агрардык тармактагы эмгек рыногунун өнүгүү тенденцияларын аймактык өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен аныктоо зарыл экендиги айдан-ачык. Агрардык тармакта калкты иш менен камсыздоо жана жумушчу күчүн максатка ылайык колдонуунун жаңы методдорун издөө жаатында социалдык- экономикалык милдеттерди аныктоо боюнча мамлекеттик саясатты өркүндөтүү туура, калыс иш болор эле. Чарба жүргүзүүчү субъектилердин көп кырдуулугуна негизделген рыноктук экономикага өтүү шарттарында агрардык эмгек рыногунун ишиндеги көйгөйлөрдү жана анын андан ары өнүгүүсүн изилдөө мамлекеттик деңгээлде мааниге ээ болот.

Республика агрардык өлкө болгондугуна карабастан, азык-түлүк менен камсыздоо деңгээли боюнча 8-топто болуу фактысы, жумушсуздук деңгээлин азайтуу арымынын жай жүрүшү, жумуш орундарынын жетишсиздиги же айлык акынын дал келбөөчүлүгү, азык-түлүк жагынан жарым-жартылай көз карандылык жана экономиканын өсүшүнө тоскоолдук кылуучу башка бир катар факторлор агрардык тармакта эмгек рыногун калыптандыруу жана өркүндөтүү боюнча маселелердин чечилбегендигин көрсөтүп турат. Бул айтылгандардын бардыгы диссертациялык изилдөөнүн темасы катары бул көйгөйдү тандап алууну шарттады.

**Диссертациялык иштин темасынын ири илимий жана мамлекеттик программалар менен байланышы.** Тандалып алынган тема жана анын алкагында жүргүзүлгөн изилдөөлөр Тажикстан Республикасын 2030-жылга чейинки мезгилге улуттук өнүктүрүү программасы, Тажикстан Республикасын 2016-2020-жылдарга карата орто мөөнөттүү өнүктүрүү программасы менен тыгыз байланышта.

**Диссертациялык иштин максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин максаты болуп Тажикстан Республикасынын эмгек рыногунун иштешин өркүндөтүүнүн жана анын айыл чарба тармагынын өнүгүшүнө тийгизген таасиринин теориялык-методикалык көйгөйлөрүнө

негиздеме берүү, ошондой эле эмгек рыногун өркүндөтүү боюнча методикалык жоболорду жана сунуштарды иштеп чыгуу жана анын негизинде элет калкынын иш менен натыйжалуу камсыз болуусуна жетишүү болуп саналат.

Изилдөөнүн алдына коюлган максатына ылайык, изилдөөнүн жүрүшүндө төмөнкү **милдеттер** алдыга коюлду жана чечилди:

- рынок экономикасынын шарттарында эмгек рыногунун иштешинин теориялык-методикалык негиздерин ачып берүү;
- агрардык тармакта эмгек рыногунун иштешинин өзгөчөлүктөрүн аныктоо;
- агрардык тармактын өнүгүшүнө эмгек рыногунун тийгизген таасирин аныктоо методикасына чет өлкөлүк тажрыйбанын контекстинде негиздеме берүү;
- агрардык тармактын өнүгүшүнө эмгек рыногунун тийгизген таасирин калктын табигый өсүшүнүн арымын эске алуу менен аныктоо;
- Тажикстан Республикасынын агрардык тармагындагы эмгек рыногунун учурдагы абалын иликтөө;
- эмгек рыногунун иштешин өркүндөтүү жана анын Тажикстан Республикасынын экономикасынын агрардык тармагынын туруктуу өнүгүшүнө тийгизген таасирин күчөтүү боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгуу;
- индустриалдык-инновациялык экономикага өтүү шарттарында агрардык тармактагы эмгек рыногун жөнгө салуу механизмдерин өркүндөтүүнүн негизги багыттарына негиздеме берүү.

**Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы** эмгек рыногунун иштөө тутумун, анын агрардык тармакка тийгизген таасирин жана калктын иш менен камсыз болуусун аныктоодо жана агрардык тармактагы эмгек рыногун уюштуруу жана башкаруу концепциясына калктын табигый өсүш арымынын жогорку деңгээлин эске алуу менен негиздеме берүүдө турат.

**Диссертациялык иштин практикалык маанилүүлүгү** мында: диссертациялык иште берилген практикалык тыянактар жана сунуштар, ошондой эле эмгек рыногунун агрардык тармакка тийгизген таасирин аныктоочу методикалык ыкмалар кеңири колдонууга багытталган жана өлкөнүн экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн стратегиялык программаларын иштеп чыгууда колдонулушу ыктымал. Диссертациялык изилдөө жараянынан улам сунушталган кеңештер эмгек рыногунун өнүгүү механизмдерин өркүндөтүүдө, ошондой эле жумушсуздук деңгээлин төмөндөтүүдө кызмат кылат, мунун өзү агрардык тармактын өнүгүшүнө жана айыл эмгекчилеринин айлык акысынын өсүшүнө оң таасирин тийгизет. Изилдөөнүн айрым сунуштары Тажикстан Республикасынын эмгек рыногун жана айыл чарба тармагын өнүктүрүү боюнча мамлекеттик программаларды иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн.

**Диссертациялык иштин экономикалык маанилүүлүгү.** Иште илимий негизделген сунуштамалар агрардык тармактагы эмгек рыногун оптималдаштыруу боюнча стратегиялык программаларды иштеп чыгууда колдонулушу ыктымал. Мындан тышкары, изилдөөдө берилген иштелмелер агрардык тармактагы эмгек рыногун андан ары изилдөө үчүнилимий иштелмелерди иштеп чыгууда, эмгек рыногунун жана агроөнөр жай комплексинин экономикасы, макроэкономикалык мерчемдөө, мамлекеттик жана жергиликтүү башкаруу курсунун окуу жараянында, ошондой эле калктын эмгекке жарамдуу бөлүгүн, АӨЖ кызматкерлерин жана жетекчилерин кайра даярдоо жана дасыгын жогорулатуу тутумунда колдонууга болот.

**Диссертациялык иштин коргоого чыгарылган негизги жоболору:**

✓ чет өлкөлүк жана атамекендик экономисттердин илимий иштерин иликтеп үйрөнүүнүн негизинде эмгек рыногунун маңызы, анын инфратүзүмү жана калкты иш менен камсыздоо боюнча кызмат милдеттери аныкталды жана ачык көрсөтүлдү;

✓ агрардык тармактагы эмгек рыногунун иштөө өзгөчөлүктөрү, анын өнүгүшүнө жана натыйжалуу иштешине тоскоол болуучу негизги факторлор аныкталды;

✓ экономикасы жана эмгек рыногу өнүккөн мамлекеттердин тажрыйбасына таянып эмгек рыногунун агрардык тармактын өнүгүшүнө тийгизген таасирин талдоо методикасына негиздеме берилди;

✓ эмгек рыногунун агрардык тармакка тийгизген таасири калктын табигый өсүш арымынын жогорку деңгээлин эске алуу менен аныкталды;

✓ Тажикстан Республикасынын агрардык тармактагы эмгек рыногунун заманбап абалы изилденди;

✓ индустриалдык-инновациялык экономикага өтүү шарттарында эмгек рыногунун өнүгүү багыттары жана элет калкынын иш менен натыйжалуу камсыз болуу тенденциялары аныкталды;

✓ эмгек рыногунун агрардык тармактын өнүгүшүнө тийгизген таасиринин негизги багыттарына жана мунун негизинде агрардык тармактын туруктуу өнүгүшүн камсыз кылууга багытталган эмгек рыногун жөнгө салуу механизмине негиздеме берилди.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Тажикстан Республикасынын агрардык эмгек рыногунун механизминин артыкчылыктуу багыттарын иштеп чыгууда жана өркүндөтүүдө изденүүчүнүн тикелей салымы бар (изилдөөнүн айрым тыянактары Тажикстан Республикасынын эмгек, миграция жана калкты иш менен камсыз кылуу ИИИде пайдаланылды).

Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган теориялык жана практикалык тыянактар Носири Хусрава атындагы мамлекеттик университеттин окуу ишмердүүлүгүндө «Менежмент», «Улуттук экономика» ж.б. сабактарды окутууда колдонулат.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарын апробациялоо.** Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору боюнча Тажикстан Республикасында өткөрүлгөн «Тажикстан Республикасынын Улуттук ынтымакташуусунун 20 жылдыгына жана жаштар жылына арналган республикалык илимий-практикалык конференцияда (Бохтар, 28-апрель, 2017-ж.); «2018-2028-жылдарда туруктуу өнүгүү үчүн суунун орду» аталыштагы эл аралык илимий-практикалык конференцияда (Бохтар, 16-июнь, 2017-ж.); «Тажикстан Республикасынын энергетика күнүнө арналган илимий-практикалык конференцияда (Бохтар, 22-декабрь, 2017-ж.); «Туризм жылына жана элдик кол өнөрчүлүккө арналган конференцияда» (Бохтар, 24-февраль, 2018-ж.) баяндамалар жасалды.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда кеңири чагылдырылышы.** Диссертациялык изилдөөнүн негизги жыйынтыктары Тажикстан Республикасынын жана Кыргыз Республикасынын 18 ар түрдүү илимий жана мезгилдүү басылмаларында чагылдырылган. Алардын ичинен 3 илимий макала Россиялык илимий цитаталоо индексине кирген журналдарда, 8 макала КРнын ЖАК сунуштаган илимий журналдарында жарыяланган.

**Диссертациялык иштин түзүмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, тыянактардан, пайдаланган булактардын тизмесинен турат. Иштин жалпы көлөмү 150 бетти түзөт, 15 сүрөттү, 25 жадыбалды камтыйт.

**Киришүүдө** диссертациялык изилдөө темасынын актуалдуулугу негизделген, максаттары жана милдеттери аныкталган, иштин илимий жаңылыгы, изилдөө методикасы, практикалык маанилүүлүгү жана коргоого чыгарылган негизги жоболор баяндалган.

**«Эмгек рыногунун теориялык-методологиялык негиздери»** деп аталган биринчи бапта эмгек мамилелеринин жана эмгек категориясынын теориялык маселелери каралды. Эмгек – өндүрүштүн маанилүү фактору болуп саналат, ал коомдун улуттук ички дүң өндүрүмүнүн негизин түзөт. Ошол эле учурда ал жарандардын кирешелерин камсыз кылат. Ал эми жарандардын жашоо мүнөзү жана турмуш-тиричилик деңгээли алардын иш менен камсыз болушуна жана кандай жумушта иштерине көз каранды болот. Эмгектин жана эмгек мамилелеринин чөйрөсү бүткүл калктын экономикалык мамилелериндеги негизги, базалык чөйрө болуп эсептелет. Бул көрүнүш айрым адамдын да жана жалпы коомдун да жашоосунда эмгектин ээлеген орду менен шартталат. Экономикалык илимдердин ар түрдүү багыттарынын өкүлдөрү үчүн эмгек - коомдун материалдык жана адеп-ахлактык байгерчилигинин негизги булагы катары каралат. Эмгек – адамдын индивиддин жана коомдун керектөөлөрүн канааттандырууга багытталган максатуу, аң-сезимдүү ишмердүүлүгү болуп саналат.

Автор эмгек рыногу – жалпы түшүнүк боюнча жумушчу күчүнө сурам-талап менен сунуштун ортосундагы, жумушчу күчүн “товар” катары сунуштаган жумушчу күчүнүн менчик ээси менен иш берүүчүнүн ортосундагы экономикалык мамилелер деп эсептейт. Бул учурда жумушчу күчүнүн менчик ээсинин максаты - аткарылган иштин баасы жана ага

төлөнгөн акы болуп саналат, ал эми иш берүүчүнүн максаты өндүрүштүн же кызмат көрсөтүүнүн баасы жана натыйжалуулугу болуп саналат (1-чиймени караңыз).




***№1-сүрөт. Эмгек рыногунун маңызы***

Ошентип, эмгек рыногу социалдык-экономикалык абалын аныктоочу негизги фактор катары чыгат, жергиликтүү, аймактык жана мамлекеттик деңгээлде конъюнктурага жараша аныкталат.

Жумушчу күчүнө сурам-талап катары белгилүү бир баага сатып алууга жөндөмдүү сатып алуучу ишкер сатып алган жумушчу күчүнүн саны, анын ичинде сапаты болжолдонот.

Жумушчу күчүн сунуштоо – белгилүү бир суммадагы акчага айырбашталуучу жумушчу күчүнүн саны – жумушчу күчүнүн ээси (кызматкер) тарабынан жумшалган дене-бой же акыл-эс эмгегинин наркы жана ал үчүн төлөнүүчү акы болуп саналат. Жумушчу күчүн сунуштоо туруктуу жана (же) убактылуу акы төлөнүүчү ишке кызыкдар, эмгекке жөндөмдүү кызматкерлердин саны, сапаты жана курамы (жынысы, жаш курагы, билими, кесиби ж.б. боюнча) менен мүнөздөлөт.

Эмгек рыногу анын субъектилеринин ортосундагы аныкталган жана аныкталуучу экономикалык мүнөздөгү байланыштар болгондугу үчүн бар болот жана кызмат кылат, ал байланыштардын негизинде товарлардын өндүрүүчүлөрдөн баштап керектөөчүлөргө чейинки кыймылынын жүрүшү аныкталат, эки тараптуу пайданы аныктоо менен рыноктун өз ара аракеттенишүүчү тараптарынын чынжырын түзөт.

Рынок төмөнкү шарттарда натыйжалуу иштейт:

- рыноктун сегменттеринин теңдештик учурунда;
- жагымдуу каржылоо-насыялоо шарттарында;
- калктын төлөөгө жөндөмдүү сурам-талабын камсыздоо;

- башкаруунун рыноктук механизмдериндеги кемтиктерди жана бузулуштарды четтетүүдө мамлекеттик колдоо көргөзүү.

Ошентип, рыноктук башкарууда агрардык тармактын инфратүзүмүн толук өркүндөтүү олуттуу мааниге ээ болот.

Агрардык тармакта эмгек рыногунун негизги милдеттери жана аткарган кызматтары төмөнкүлөр болуп эсептелет:

– элет калкын иш менен камсыздоо;
– андан ары кайра иштетүү үчүн айыл чарба азыктарын өндүрүү;
– азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо.

Иштеп жаткан ишканалардан кызматкерлердин массалык түрдө кетиши, өлкөнүн бүткүл тутумунун талкаланышы эмгекти сунуштоо жагынан да жана керектөө жагынан да бир убакытта кыйроо менен коштолду, бул 90-жылдардын ортосунан баштап эле өлкөнүн жалпы жумушчу күчүн сиңирип алууга жөндөмдүү болгон. Салыштырмалуу түрдө алганда айлык акысы анча жогору эмес болгондуктан жумушчу күчтөрү иштегенди каалабастан өзгөчө даярдыгы жана дасыгы жок туруп башка киреше булактарын издешти, муну менен ички мамлекеттик эмгек рыногунда сурам-талап менен сунуштун ортосунда теңдешсиздик жаралды.

**Эмгек рыногунун заманбап абалы жана анын Тажикстандын экономикасынын агрардык тармагынын иштешине тийгизген таасири** деп аталган экинчи бапта Тажикстан Республикасынын эмгек мамилелерин талдоо маселелери жана агрардык тармагынын заманбап абалы каралды.

Автор изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча агрардык тармак эмгек рыногунун өнүгүшүнө көз каранды болуу менен өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылат деп эсептейт. Азык-түлүк коопсуздугу агрардык тармактын абалына жана анын андан ары өнүгүшүнө жараша болот. Ошондуктан, мамлекет агрардык тармактагы эмгек рыногун өркүндөтүүгө зор көңүл бөлөт.

Тажикстан Республикасы көз карандысыздыкка ээ болгондон баштап рыноктун жаңы шарттарында экономиканын өнүгүш арымын камсыздоо максатында өзүнүн саясатын оптималдаштыра баштады. Борбордук жетекчиликтин кыйрашы жана жарандык согуш эмгек рыногунун жана азык-түлүк абалынын толук түрдө бузулуусуна жана начарланышына алып келди (*1-жадыбалды караңыз*).

**1-жадыбал. Тажикстан Республикасынын иш менен камсыз болгон калкынын экономикалык ишмердүүлүк түрүнө карата бөлүштүрүлүшү (миң адам).**

| **Көрсөткүчтөр:** | **2011** | **2012** | **2013** | **2014** | **2015** | **2016** | **2017** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Экономикада эмгектенген бардык адам** | 2249,3 | 2291,5 | 2307,3 | 2325,4 | 2379,7 | 2385,3 | 2407 |
| **Анын ичинде анык тармакта иштегендер** | 1671,8 | 1685 | 1682,7 | 1682,6 | 1704 | 1694,8 | 1685,3 |
| Айыл чарбасында, мергенчиликте жана токойчулукта | 1507,2 | 1520,3 | 1526,2 | 1524,2 | 1545,2 | 1538,6 | 1466,1 |
| Балык чарбасында | 0,2 | 0,2 | 0,2 | 0,2 | 0,4 | 0,4 | 0,3 |
| Тоо-кен өндүрүү өнөр жайында | 9,9 | 11,2 | 12 | 10,6 | 12,5 | 11,4 | 12,6 |
| Иштеп чыгаруучу өнөр жайында | 62,5 | 64,2 | 65,7 | 65,6 | 60,1 | 59,5 | 86,7 |
| Электроэнергияда, газ өндүрүүдө жана суу менен камсыздоодо | 17,7 | 19,5 | 19,5 | 20,1 | 19,3 | 17,8 | 18 |
| Курулушта | 74,3 | 69,6 | 59,1 | 61,9 | 66,5 | 67,1 | 101,6 |
| **Кызмат көрсөтүү тармагында** | | | | | | | |
| Дүң жана чекене соодада, автоунааны, мотоциклдерди, турмуш-тиричилик товарларын жана жеке колдонуучу буюмдарды оңдоодо | 125 | 137,5 | 135,7 | 138,4 | 149,3 | 147,9 | 170,6 |
| Мейманканаларда жана ресторандарда | 6 | 4,5 | 7,4 | 7,9 | 9,8 | 9,6 | 15,6 |
| Транспортто, кампачылыкта жана байланыш түйүндөрүндө | 42,7 | 53,6 | 55 | 55 | 56,8 | 56 | 43,6 |
| Каржылык ортомчулукта | 16 | 17,8 | 20,8 | 24,3 | 25 | 23 | 21,3 |
| Кыймылсыз мүлк менен аткарымдарды жүргүзүүдө, ижарага берүүдө жана коммерциялык ишмердүүлүктө | 13,1 | 16,1 | 18,5 | 20,9 | 22,3 | 21,4 | 31,5 |
| Мамлекеттик башкарууда жана коргонууда; милдеттүү соц.камсыздоодо | 35,7 | 35,9 | 32,9 | 35,4 | 36,3 | 36,5 | 44,8 |
| Билим берүүдө | 188,5 | 193 | 201 | 203,9 | 209,3 | 220,5 | 231,5 |
| Саламаттык сактоодо жана социалдык кызмат көрсөтүүлөрдө | 84,5 | 88,6 | 90,6 | 94 | 98,3 | 104,7 | 114,3 |
| Башка коммуналдык жана жекече кызмат көрсөтүүлөрдө | 64,2 | 56,7 | 59,9 | 62 | 66,6 | 69,6 | 45,7 |
| Экстерриториалдык уюмдарда жана органдарда | 1,9 | 2,8 | 2,4 | 1 | 1 | 1 | 0,5 |

Булак**:** Тажикстан Республикасынын статистикалык жыйнагы, 2018-ж., 84-85-бб.

Көз карандысыздык жылдарында 2011-2017-жж. мезгилде республикада эмгек рыногунун абалынын калыбына келиши, өнүгүшү жана калктын экономикалык жигердүүлүгүнүн өсүшү байкалды.

Статистикалык маалыматтар көргөзгөндөй, экономикалык жигердүү калктын саны 2011-жылы 2249,3 миң адамды түзгөн, 2012-жылы 2291,5 миң адамды түзгөн, 2013-жылы 2307,3 миң адамды түзгөн; 2014-жылы 2325,4 миң адамды түзгөн; 2015-жылы 2379,7 миң адамды түзгөн; 2016-жылы экономикалык жигердүү калктын саны 2015-жылга караганда 1,06 эсе көп

жана 1992-жылга салыштырмалуу 1,25 эсе көп болуп, 2385,3 миң адамды түзгөн. 2017-жылы экономикалык жигердүү калктын саны 2407 миң адамды түзүп, 2011-жылга салыштырмалуу 1,07 эсе көп болгон. Статистикалык маалыматтар көргөзгөндөй (*1-жадыбалды караңыз*) айыл чарбасында, мергенчиликте жана балык чарбасында экономикалык жигердүү калктын саны 2011-жылдан 2017-жылга чейин төмөндөгөн жана 2011-жылы 97% ды түзгөн.

Биздин оюбуз боюнча, айыл чарбасында эмгектенгендердин санынын өсүшү бир катар себептерге байланыштуу:

- калктын санынын табигый өсүшү (элет жериндеги калктын саны 70%га жакын);
- айыл чарба азыктарына сурам-талаптын өсүшү;
- жумуш орундарына карата сурам-талапка шайкеш келүүчү альтернативанын жок болушу;
- айыл чарбасынын заманбап абалы техникалык жактан жабдылбагандыгы.

Бирок, 2017-жылы айыл чарбасында эмгектенген калктын саны төмөндөгөнү байкалган.

Албетте, башка тармактарда жумуш орундарынын түзүлүшү берилген тармакта иштегендердин санынын кыскарышында бир кыйла маанилүү роль ойногон (1-жадыбалды караңыз). Башка тармактарда, ошондой эле иштеп чыгаруу тармагында жумуш орундарынын түзүлүшү калкка эмгек рыногунда альтернативага ээ кылды. Ошентип, иштеп чыгаруучу тармак жана айыл чарбасы 2011-2017-жылдарда төмөнкүдөй абалда болгон:




| | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Обрабатывающая промышленность | 62,5 | 64,2 | 65,7 | 65,6 | 60,1 | 59,5 | 86,7 |
| Сельское хозяйство | 1507,2 | 1520,3 | 1526,2 | 1524,2 | 1545,2 | 1538,6 | 1466,1 |

2-сүрөт. 2011-2018-жж.иштеп чыгаруучу тармакта жана айыл чарбасында эмгектенгендердин санынын өсүү динамикасы. Булак: Тажикстан Республикасынын статистикалык жыйнагынын негизинде (2018-ж., 84-б.) автор тарабынан түзүлгөн.

Берилген тармакта жумуш орундарынын бошошунун экинчи бир себеби айлык маянанын төмөндүгү болуп саналат, анын натыйжасында жумушчулар жумуш орундарын которууга мажбур болушат.

**№ 2-жадыбал. 2013-2017-жж. карата Тажикстан Республикасында тармактары боюнча орточо айлык акынын динамикасы (*сомони менен*)**

| **Көрсөткүчтөр:** | **2013** | **2014** | **2015** | **2016** | **2017** |
|---|---|---|---|---|---|
| Айыл чарбасы, мергенчилик жана токойчулук | 213,26 | 251,33 | 278,18 | 303,04 | 451,46 |
| Мурунку жылга карата % м-н | 134,2 | 117,8 | 110,6 | 108,9 | 148,8 |
| Иштеп чыгаруучу өнөр жай | 727,58 | 824,58 | 962,77 | 1139,28 | 1273,88 |
| Мурунку жылга карата % м-н | 101,4 | 113,3 | 116,75 | 118,33 | 111,8 |
| Курулуш | 1466,22 | 1822,48 | 2017,16 | 2170,02 | 2022,27 |
| Мурунку жылга карата % м-н | 125 | 124,3 | 110,1 | 107,57 | 93,2 |

Булак: Тажикстан Республикасынын статистикалык жыйнагы, 2018-ж., 122-б.

Өкмөт тарабынан иш менен камсыз кылуу абалын жөнгө салуу жана эмгек рыногунун көйгөйлөрүн жеңип чыгуу үчүн иш-чаралардын комплекси кабыл алынууда. Мисалга «Эмгек рыногун 2020-жылга чейин өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасы» иштелип чыккан, бул эмгек рыногун жөнгө салуу жана жумушсуздукту азайтуу боюнча нускама катары кызмат кылат жана республиканын жетекчилиги тарабынан экономикалык өнүгүүнү жана калктын жашоо-турмушунун сапатын жогорулатууну камсыз кылуу үчүн узак мөөнөткө жүргүзүлүүчү иштерди чагылдырат.

Бирок, биздин оюбуз боюнча бул иш-чаралар агрардык эмгек рыногун натыйжалуу өнүктүрүү үчүн, ошону менен катар агрардык тармактагы айлык маянанын натыйжалуу өсүшү үчүн жетишсиздик кылат. Акыркы беш жыл ичинде улуттук валюта сомони менен алганда бардык тармактарда, жекече алганда курулушта, өнөр жайда жана айыл чарбасында айлык маянанын туруктуу өсүшү байкалат. Бирок доллар менен алганда айлык акынын динамикасы мындайча көрүнөт:




3-сүрөт. Тажикстан Республикасында тармактар боюнча орточо айлык акынын динамикасы (АКШ *доллары м-н)*. Булак: статистикалык маалыматтардын негизинде автор тарабынан түзүлгөн.

Бул көйгөйлөр менен катар эле калкты ишке орноштуруунун натыйжалуулугуна байланыштуу көйгөй бар.

Тажикстан Республикасынын калкты иш менен камсыздоо борборлору жарандарга ишке орношуу маселелери боюнча көмөк көргөзөт. Каралып жаткан мезгилге иш менен камсыздоо борборлору тарабынан жарандарды ишке орноштуруу төмөнкүдөй болду:

**№3-жадыбал. Тажикстан Республикасынын калкты иш менен камсыздоо борборлорунун калкты ишке орноштуруу боюнча ишмердүүлүгү (миң адам)**

| **Көрсөткүчтөр**: | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ишке орношуу боюнча кайрылгандардын саны | 64,1 | 63,5 | 71,2 | 72,4 | 72,5 | 77,3 | 79,6 |
| Ишке орноштурулду | 32,4 | 35,4 | 37,9 | 38,9 | 37,9 | 39,1 | 49,5 |
| Кайрылгандардын ичинен % | 50,5 | 55,7 | 53,3 | 53,7 | 52,3 | 50,6 | 62,1 |

Булак**:** Тажикстан Республикасынын статистикалык жыйнагы, 2018-ж., 91-б.

Биздин пикирибизде, эмгек рыногунун мындай абалынан улам ишкердик ишмердүүлүгүнүн башка түрлөрүнө караганда дыйкан чарбаларынын саны акыркы жылдарда өтө тездик менен өсө баштады. Мисалга, статистика маалыматтары боюнча жагымдуу шарттар агрардык тармактагы ишкерлерге гана пайдасын тийгизди, бул дыйкан чарбаларынын тездик менен өнүгүшүнө алып келди. Бирок бул учурдун ашкача таасири да болду, б.а. ишкердик ишмердүүлүгүнүн башка түрлөрү 2015-2017-жылдарда артка кетти.




4-сүрөт. Ишкердик ишмердүүлүгүнүн өсүшү менен дыйкан чарбаларынын өсүшүнүн катышы. Булак**:** Тажикстан Республикасынын статистикалык жыйнагы, 2018-ж., 220-223-б.

Албетте, дыйкан чарбаларынын мындай өсүү динамикасы айыл чарба дүң азыктарынын өсүшүнө оң таасирин тийгизди. Тажикстан Республикасынын статистикалык маалыматтары боюнча 2011-2017-жылдарга карата айыл чарба дүң азыктарынын өсүү динамикасы төмөнкүдөй болду (5-сүрөт):




5-сүрөт. 2011-2017-жылдарда айыл чарба азыктарын өндүрүүнүн динамикасы (өсүмдүк өстүрүү). Булак: Тажикстан Республикасынын статистикалык жыйнагынын (2018-ж., 291-б.) негизинде автор тарабынан түзүлгөн.

Автор дыйкан чарбаларынын өсүү арымы айыл чарба азыктарынын дүң жыйымына терс таасирин тийгизет деп эсептейт, анткени дыйкан чарбалары азыктарды чийки зат түрүндө гана өндүрөт. Автордун пикиринде кандай гана мамлекет болбосун, чийки затты өндүрүп чыгарууга эмес, кайра иштетилип чыгарылган, даяр азыкты өндүрүүгө көңүл бурушу зарыл. Ошондой эле, автордун оюу боюнча мамлекет тарабынан башка тармактарда жумуш орундарын түзүү боюнча иш-аракеттер көрүлүп жатат, бирок мындай иш-чаралар агрардык тармактын жүгүн бошотууда жетишерлик эмес, бул айыл чарба тармагындагы айлык маянанын баарынан төмөн экендигине алып келет.

Экономикасы өнүккөн өлкөлөрдүн тажрыйбасы көргөзгөндөй, айыл чарбасын же чийки затты даяр азык түрүндө кайра иштетип чыгарган өнөр жайды тейлеген чөйрөлөрдү түзүү жана өркүндөтүү айыл чарбасында жумуш орундарынын санын көбөйтүүгө мүмкүндүк түзөт, айыл чарба чийки азыктарына сурам-талапты жогорулатат, анын үстүнө агрардык өнөр-жай комплексинде кошумча жумуш орундарын түзүүгө түрткү болот.

Чийки затты даяр азык түрүндө кайра иштетип чыгарган уюмдардын жакын жайгашуусу айыл чарбасынын өнүгүшүнө көмөктөшөт, анткени алар өндүрүп чыгарган чийки затты сатуу көйгөйү чечтетилет.

Ошентип, бул тутум бара-бара акыр түбүндө чийки затты өндүрүп чыгаруучуларды даяр затты өндүрүп чыгаруучуларга жана жабдып туруучуларга айлантышы толук ыктымал.

**Тажикстандын экономикасынын агрардык тармагындагы эмгек рыногун жөнгө салууну өркүндөтүүнүн негизги багыттары** деп аталган үчүнчү бапта агрардык тармактагы эмгек рыногун жөнгө салууну өркүндөтүү боюнча изилдөөлөрдүн негизги жыйынтыктары каралды жана эмгек рыногунун абалы жана анын агрардык тармакка тийгизген таасири болжолдонду.

Автордун пикири боюнча, өлкөнүн калкынын 70% дан көбүрөөгүн элет калкы түзгөндүктөн, республиканын экономикасында агрардык тармак жана анын өнүгүшү социалдык-экономикалык көйгөйлөрду чечүүдө негизги элемент катары чыгат жана анын абалынан эмгек рыногунун туура түзүлүшү жана иштеши көз каранды болот. Чарба жүргүзүүнүн, жекече алганда айыл чарбасын жүргүзүүнүн жаңы баскычы эмгекти уюштуруунун жана айыл чарба азыктарын өндүрүүнүн көп түрдүүлүгүнүн калыптанышына алып келди.




***6-сүрөт. Айыл чарбасында эмгекти уюштуруунун көп түрдүүлүгү***

Тажикстан Республикасынын Өкмөтү тарабынан экономиканын көп түрдүүлүгү себебинен калкты иш менен камсыз кылууда көмөк көрсөтө турган бир катар иш-чаралар кабыл алынды. Бирок, агрардык тармакта жарандык согуштун кесепетинен келип чыккан, бул тармакты өнүктүрүүгө тоскоол жараткан өзгөрүүлөр болгондугун көңүлгө албай коюуга болбойт.

Республиканын агрардык саясатында чарба жүргүзүүнүн рыноктук үлгүсүнө өтүү мезгилинде эркиндик берилет, ал эми мамлекет болсо айыл чарба ишмердүүлүгүнүн ар кандай түрү үчүн кайсы гана жаран болбосун өзүнүн демилгеси менен өз ишин жүргүзө алуусуна мүмкүнчүлүктөрдү түзөт. Мына ушул анча-мынча айырмачылыктардын өзү агрардык тармактын өнүгүү шарттарын жана калктын экономикалык абалын аныктоодо негизги ролду ойнойт.

Таджикистан Республикасында калктын табигый жол менен өсүшү экономиканын өсүшүнөн алдыда жүрөт, ал эми жер ресурстары жумушчу күчүнүн өсүшүнүн жогорулаган арымын сиңирип алууда аныктоочу роль ойной турган агрардык тармактын мүмкүнчүлүктөрүн чектеп турат.

Автор заманбап методдорду колдонуу эмгек рыногунун конъюнктурасын аныктоодо маанилүү ыкмалардын бири болуп саналат деп эсептейт.

Экономикалык адабиятта изилдөөчүлөр көрсөткүчтөрдүн өз ара байланышын иликтеп үйрөнүү үчүн математикалык статистиканын ар түрдүү методдорун колдонушат. Бул методдордун арасында экономикалык талдоо жүргүзүү максатында көптүк жана жуп корреляциялык талдоо методу пайдаланылат, алар экономикалык кубулуштар менен факторлордун көрсөткүчтөрүнүн ортосундагы байланышты аныктоого мүмкүндүк берет.




7-сүрөт. 2013-2017-жылдарда айыл чарба тармагында жогорку жана орто атайын билим берүү окуу жайларын бүтүргөн жана айыл чарбасында, мергенчиликте жана токойчулукта эмгектенген студенттер (корреляция).

Булак: Тажикстан Республикасынын статистикалык жыйнагынын (2018-ж.) маалыматтарынын негизинде автор тарабынан түзүлгөн.

Статистикалык маалыматтар боюнча 2017-жылдын аягына карата бүтүрүүчүлөрдүн саны 2360 адамды түздү, бул 2013-жылга караганда 15,33% га көп. Бирок буга карабастан, айыл чарбасында эмгектенгендердин саны 2017-жылы 1466,1 миң адамды түздү бул пайыздык эквивалент менен алганда 2013-жылдын 0,96% көрсөткүчүн түзөт. Бул көрсөткүчтөрдүн ортосундагы корреляция -0,652 (терс көрсөткүч). Мындан улам айыл чарба

тармагындагы өндүрүштүк натыйжалуулук төмөндөйт деп тыянак чыгарууга болмок, бирок бардыгы тескерисинче жүрдү жана айыл чарба өсүмдүктөрүнүн дүң жыйымынын натыйжалуулугу тездик менен өстү.




8-сүрөт. 2013-2017-жылдарда айыл чарбасында, мергенчиликте жана токойчулукта эмгектенгендер жана айыл чарба өсүмдүктөрүнүн дүң жыйымы. Булак: Тажикстан Республикасынын статистикалык жыйнагынын (2018-ж.) маалыматтарынын негизинде автор тарабынан түзүлгөн.

Бул көрсөткүч албетте, айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүү сапаты жылдан жылга жакшырып жаткандыгынан кабар берет. Бирок, жашылча-жемиштердин, жүзүмдүн жана бакча өсүмдүктөрүнүн (коон, дарбыз ж.б.) дүң жыйымынын өсүшү нормалдуу тамактануу үзүрүндөгү негизги азыктардын бири болуп саналган картөшкөнүн дүң жыйымына терс таасирин тийгизди.




9-сүрөт. 2013-2017-жылдарда айыл чарба азыктарынын (дыйканчылык) жана картөшкөнүн дүң жыйымы. Булак: Тажикстан Республикасынын статистикалык жыйнагынын (2018-ж.) маалыматтарынын негизинде автор тарабынан түзүлгөн.

Статистика маалыматтары көргөзгөндөй, 2013-2017-жылдарда жер-жемиштердин, жүзүмдүн, мөмө-жемиштердин жана бакча өсүмдүктөрүнүн (коон, дарбыз ж.б.) дүң жыйымы корреляциясы картөшкөнүн дүң жыйымына салыштырмалуу -0,9931ди түздү.

Айыл чарба азыктарын өндүрүүнүн жана дүң жыйымынын мындай темпинен алып караганда, учурунда 2018-2025 –жылдарга карата болжолдонгон натыйжа төмөнкүдөй болушу күтүлөт:

**2025-жылга карата Тажикстан Республикасынын агрардык тармагынын өнүгүшүнө айыл чарба эмгек рыногунун таасиринин болжолдонгон динамикасы**

| Көрсөткүчтөр: | Факт | | | | | Болжол | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 | 2025 |
| Айыл чарба тармагындагы окуу жайларды бүтүргөн студенттер (миң адам) | 1,998 | 1,998 | 1,998 | 2,271 | 2,36 | 2,424 | 2,574 | 2,717 | 2,802 | 2,928 | 3,060 | 3,171 | 3,285 |
| Айыл чарбасында, мергенчиликте жана токойчулукта эмгектенгендер (миң адам) | 1526,2 | 1524,2 | 1545,2 | 1538,6 | 1466,1 | 1488,3 | 1467,2 | 1439,2 | 1420,6 | 1414,3 | 1387,5 | 1370,4 | 1355,2 |
| Дан эгиндери (миң тонна) | 1392,6 | 1317,8 | 1392,7 | 1435,8 | 1447,6 | 1465,7 | 1517,1 | 1535,4 | 1561,0 | 1594,3 | 1625,0 | 1648,9 | 1680,2 |
| Айыл чарба азыктарынын (жашылча, мөмө-жемиш, жүзүм, бакча өсүмдүктөрүнүн) дүң жыйымы (миң тонна) | 2489,7 | 2625,3 | 2700,2 | 2921,3 | 3123,8 | 3241,3 | 3419,1 | 3608,5 | 3763,7 | 3925,3 | 4105,4 | 4271,2 | 4435,0 |
| Картөшкө (миң тонна) | 1115,7 | 853,7 | 887,4 | 898,1 | 782,9 | 721 | 718 | 647 | 583 | 548 | 499 | 438 | 392 |
| Чигиттүү пахта (миң тонна) | 392,8 | 372,7 | 270 | 284,7 | 386,5 | 311,2 | 323,0 | 354,8 | 355,1 | 340,4 | 364,1 | 367,8 | 366,9 |

Булак**:** Тажикстан Республикасынын статистикалык жыйнагынын (2018-ж.) маалыматтарынын негизинде автор тарабынан жүргүзүлгөн эсептөөлөр




10-сүрөт. Айыл чарба тармагында, мергенчиликте жана токойчулукта орточо айлык маянанын болжолдуу динамикасы (сомони жана АКШ доллары м-н). Булак: Тажикстан Республикасынын статистикалык жыйнагынын (2018-ж.) маалыматтарынын негизинде автор тарабынан түзүлгөн.

Автордун пикиринде, 2025-жылдарга чейин айыл чарба тармагындагы эмгек акысынын өлчөмү улуттук валютада өсөт, ал эми доллар менен алганда төмөндөйт.

Автор бүгүнкү күнгө карата экономикалык чөйрөнүн трансформациялануу жана тез өзгөрүү шарттарында агрардык тармакты жана калктын жашоо сапатын туруктуу өнүктүрүүнү камсыздоо менен байланышкан көйгөйлөрдү жеңүү маселесин айыл чарба азыктарын өндүрүүчүлөрдүн биргелешкен демилгеси болмоюнча жана макулдашылган иш-аракети жана агрардык өнөр жай комплексин калыбына келтирмейинче чечүүгө мүмкүн эмес.

Агрардык тармактагы эмгек рыногун, атап айтканда агрардык өнөр жай комплексин өнүктүрүү шарттарында гана айыл чарбасынын өнүгүшүнө таасир этүүгө болот.

## ТЫЯНАКТАР

Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдү талдоо менен төмөнкүдөй тыянактарга келүүгө болот:

1. Тажикстан Республикасынын калкынын табигый өсүшү жылына орточо алганда мурунку жылга салыштырмалуу 2-2,5% ды, калктын эмгекке жарамдуу бөлүгүнүн өсүшү 2,25% ды түзөт, бул фондо жумушчу күчүнүн үлүшү тынымсыз жогорулап турат. Ишканалар тарабынан берилген бош иш орундары деле болот, бирок аларга карата иш менен камсыз болбогон калктын жүктөмөсү сунушталган бош иш орундарынын өсүү арымынан ашып түшөт. Талдоонун жүрүшүндө демографиялык көрсөткүчтөрдүн жогорку темптери менен катар калктын эмгекке жөндөмдүүлүгү төмөндүгү, ошондой эле калктын эмгекке жарамдуу бөлүгүнүн табигый өсүшүнө шайкеш келүүчү жаңы жумуш орундарын түзүү темптери азайгандыгы аныкталды, бул жумушсуздук деңгээлинин олуттуу өсүшүнө алып келет жана коомчулуктун тынчсыздануусун курчутат.
2. Айыл чарба тармагында айлык маянанын темпи өскөндүгү байкалат, бирок доллардык көрсөткүч менен алганда бул калктын азык-түлүк коопсуздугун толук натыйжалуу камсыз кылуу үчүн жетишсиз болуп саналат.
3. Айыл чарбасы багытындагы окуу жайды бүтүрүүчүлөрдүн өсүшү менен айыл чарбасында эмгектенгендердин ортосундагы корреляция 0,65ти түздү, мунун өзү жаштар бул тармакта иштегенди анча каалабасын тастыктап турат.
4. Айыл чарба өсүмдүктөрүнүн (жашылча, мөмө-жемиштер, бакча өсүмдүктөрү) жана картөшкөнүн дүң жыйымынын ортосундагы корреляция (-0,9931) ди түзөт, бул картөшкөнү өндүрүү темпинин төмөндөшүнө алып келет.

Ушундай эле көрүнүш чигиттүү пахтаны өндүрүүдө да байкалат, анын дүң жыйымынын арымы анча чоң эмес жана 2013-2017-жылдарга карата орточо алганда 98% ды түздү.

5. Тажикстан Республикасында жүрүп жаткан социалдык өзгөрүүлөр жана эмгек ресурстарынын заманбап абалы эмгек рыногунун конъюнктурасынын теңдемин камсыз кылуу үчүн олуттуу көңүл бурууну талап кылат. Кызматкер үчүн жагымдуу шарттар түзүлмөйүнчө эмгек рыногун оптималдаштыруу мүмкүн эмес жана ар түрдүү мекемелерге, коомдорго, уюмдарга, билим берүү тутумуна ж.б. таянуу зарылдыгы туулат.
6. Айыл чарба тармагында иш менен камсыздоо мезгилдүү көрүнүш деп түшүнүлөт жана кыш мезгилинде айыл чарба азыктарын өндүрүүнүн натыйжалуулугу сезондук мезгилге салыштырмалуу шексиз төмөн болуп эсептелет. Бул жагдай экономикага терс таасирин тийгизет.
7. Жүргүзүлгөн изилдөөлөр агрардык эмгек рыногунун абалы – чийки зат түрүндөгү айыл чарба азыктарынын дүң жыйымынын өсүшү 2025-жылга карата жакшырарын көргөздү, бул тармакта иш менен камсыз болуу жүгү бошондойт, бирок бул тармактагы эмгек акынын өлчөмү өнүгүү тенденциясына ээ эмес.

## СУНУШТАР ЖАНА ПРАКТИКАЛЫК КЕҢЕШТЕР

Эмгек рыногун айрыкча натыйжалуу жөнгө салуу үчүн биз тараптан төмөнкүдөй негизги багыттар сунушталат:

1. Республиканын демографиялык абалын оптималдаштырууга багытталган ийкемдүү саясатты иштеп чыгуу зарылдыгы жаралат. Жер ресурстары чектелүү болгон кырдаалда калктын санынын табигый өсүш арымы конкреттүү чечимдерди кабыл алууну талап кылат. Мындан улам «Калктын табигый өсүш арымын жөнгө салуу маселелеринде Кытай Эл Республикасынын жолун жолдоо керек болуп жүрбөсүн» деген тыянак чыгарууга мүмкүн.

2. Агрардык рыноктун саясатын айыл чарба эмгегин трансформациялоо жолу менен кайра иштетүү тармагына өзгөртүү зарылдыгы туулат.

3. Айыл чарба тармагынын беделин жогорулатуу зарыл, мунун менен ар түрдүү программалардын жардамы менен жаштарды айыл чарба эмгегине кызыктыруу, дем берүү керек, ошондой эле жаш адистерди айыл чарба тармагында жемиштүү жана натыйжалуу эмгектенүүгө шыктантуу зарыл.

4. Республикада айыл чарба өсүмдүктөрүнүн бир түрүн жыйнап-терүүнүн ченемден тышкары көп болушу жана экинчи бир түрүнүн жетишсиз болуп калышы сыяктуу көйгөйдү болтурбоо үчүн дыйкан чарбаларына айдап-себүү үчүн өсүмдүк түрүн тандоо боюнча белгилүү бир көзөмөл жүргүзүү же жыл сайын өткөрүлүүчү нускамалык мүнөздөгү иш-чараларды өткөрүү максатка ылайык.

5. Жүргүзүлгөн талдоолор көргөзгөндөй, агрардык тармактагы ишкердик ишмердүүлүк төмөнкүдөй ийгиликтерге ээ:

- өнүгүү тенденциясына ээ;
- экономиканы өнүктүрүүнүн негизги каражаттарынын бири;
- жумуш орундарын түзүү менен, эмгек рыногун өнүктүрүүгө түрткү берет;
- өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууга түрткү берет.

Мындан улам, агрардык тармактагы ишкерлерге айыл чарба өсүмдүктөрүн айдап-себүү жана жыйып-терүү боюнча натыйжалуу жана жемиштүү ийгиликтерге жетишүү максатында кеңеш берүү борборлорун түзүү максатка ылайык, мунун менен бүтүрүүчүлөр үчүн жаңы жумуш орундары түзүлөт.

6. Агрардык тармактагы ишкерлер жер ресурсун рентабелдүүлүгү өтө жогору болгондугуна карабастан кышкы мезгилде толук кандуу пайдаланышпайт. Күнөскана бизнеси көп өлкөлөрдө кирешелүү жана атаандаштыкка жогору жөндөмдүү болуп саналат. Кыш мезгилинде керектөөчүлөр консерваланаган азыктарга караганда жаңы жашылча, жер-жемиштерди сатып алууну каалашат. Бирок, күнөскана азыктарын массалык түрдө өстүрүүнүн жоктугу кара күч эмгеги жагынан жеткиликтүү болууга түрткү бербейт, демек күнөсканада өстүрүлгөн азыктардын наркынын жогору болушу калктын көпчүлүк бөлүгү үчүн экономикалык жактан жеткиликтүү эмес. Ошондой эле, агрардык тармактын мезгилдүүлүгүнөн көз каранды болуу кырдаалы элет калкын кыш мезгилинде

айлык маяна табуу мүмкүнчүлүгүнө ээ кылбайт, ошону менен бирге эле агрардык тармактын дүң өндүрүшүнө таасир тийгизет. Айыл чарбасы саясатын агрардык тармакты өнүктүрүүгө, тагыраак айтканда айыл чарба өсүмдүктөрүн кыш мезгилинде өстүрүүгө багыттап төмөнкүдөй түрдө кайра карап чыгуу зарыл:

- Агрардык тармактагы ишкерлерди күнөскана бизнеси менен алектенүүгө психологиялык жактан шыктантууга багытталган мамлекеттик жарнама түзүү;
- Күнөскана бизнеси жана кыш мезгилинде жашылча өстүрүү боюнча атайын окутуу курстарын уюштуруу;
- Күнөскана бизнеси менен алектенүүнү каалаган ишкерлер үчүн 4-5 жылга пайызсыз, үстөксүз каржылоо-насыя берүү саясатын жүргүзүү. Мындай насыя алгандардын күнөскана бизнесинин дал өзүн иштетип жаткандыгын тастыктап, так көзөмөл кылуу.

7. Эмгек рыногунун уюштуруучулук-экономикалык механизмин түзүү жолу аркылуу эмгек рыногун жөнгө салуу максатка ылайык, атап айтканда:

- айыл жергесинде өндүрүш субъектилерин жайгаштыруу;
- Үй чарбачылыгынын деңгээлинде өндүрүш түзүү жана өнүктүрүү.

Бирок, өндүрүштүк чөйрө түзүү түшүнүгү айыл чарба чийки затын өндүрүү эмес, керектөөчүнү камсыз кылуу үчүн бул чийки затты даяр азык түрүндө кайра иштетип чыгаруу болуп саналат. Ошентип, агрардык тармак бир түрдөн экинчи түргө өтүп өзгөрө баштайт жана калктын жумушсуз бөлүгүн даяр жумуш орундары менен камсыз кылуу, ошону менен бирге өнөр жай тармагын өнүктүрүү мүмкүнчүлүгү пайда болот жана ар түрдүү азык-түлүктү импорттону олуттуу кыскартуу менен мамлекеттик бюджеттин чыгашасы азаят. Бул метод ошондой эле калктын жашоо сапатын жогорулатууга мүмкүндүк түзөт, агрардык тармакта иштеген калктын жүгүн бошотот, муну менен эмгек акы өлчөмүнүн өсүшүнө алып келет. Бул метод аркылуу айыл чарба тармагындагы эмгек акысынын орточо алгандагы өлчөмүн жогорулатуу боюнча оң натыйжага жетишүүгө болот.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ

1. Турсунов Р.Р. Механизмы регулирования рынка труда [Текст] / Турсунов Р.Р., Раззокова Г.Х. //Республиканская научно-практическая конференции посвящённая 20-летию Национального примирения и году Молодёжи Республики Таджикистан. Институт энергетики Таджикистана 28 апреля 2017 г.-С.325-328

2. Турсунов Р.Р. Значение выбора новых способов производства в создании разнотипного сельского хозяйства в условиях рынка [Текст] / Раззокова Г.Х., Турсунов Р.Р. // Республиканская научно-практическая конференция, посвящённая к 20-летию Национального примирения и году Молодёжи в Республики Таджикистан Институт энергетики Таджикистана 28 апреля 2017г.-С.364-369

3. Турсунов Р.Р. Состояние аграрного сектора РТ и пути решения проблемы продовольственной безопасности [Текст] / Турсунов Р.Р., Муминов Х.И.// Материалы Международной научно-практической конференции “Вода для устойчивого развития” 2018-2028 годы Институт энергетики Таджикистана
16 июня 2017 г.-С. 224-226.

4. Турсунов Р.Р. Современное состояние и политика стимулированияроста заработной платы в сельскохозяйственной отрасли республики таджикистан [Текст] / Турсунов Р.Р., Амиров Н.И., Бобохонов О.А. //Вестник Курган-Тюбинского государственного университета имени Носири Хусрава 2017 г.-С. 286-288

5. Турсунов Р.Р. Роль Государственного регулирования в обеспечении продовольственной безопасности населения [Текст] / Турсунов Р.Р., Амиров Н.И., Самадов И.Г. //Вестник Таджикского национального университета 2017г. С.159-160

6. Предпринимательская деятельность и ее значимость для РТ [Текст] / Амиров Н.И., Турсунов Р.Р. //Вестник Таджикского национального университета 2017г. С.249-250

7. Турсунов Р.Р. Эффективность интеграции современного состояния рынка труда в сельскохозяйственной отрасли РТ [Текст] / Турсунов Р.Р., Бобохонов О.А, Абдуллоев И.Дж.// Материалы Международной научно-практической конференции посвященной дню энергетики РТ Институт энергетики Таджикистана 2017г. С.440-441.

8. Турсунов Р.Р. Современное состояние рынка труда Республики Таджикистан и значимость разработки стратегии по её развитию [Текст] / Турсунов Р.Р., Самадов И.Г.// Материалы Международной научно-практической конференции посвященной дню энергетики РТ Институт энергетики Таджикистана2017 г. С.477-479

9. Турсунов Р.Р. Роль трудовых ресурсов в развитии экономики страны [Текст] / Турсунов Р.Р. //Материалы республиканской конференции посвященной году туризма и народного ремесла 2018 г. С. 72-75
10. Турсунов Р.Р. Прогноз производства мяса и инновационный сценарий развития отрасли [Текст] / Амиров Н.И., Турсунов Р.Р., Икромиддин Н. // Известия вузов Кыргызстана №10, 2017 г. С.68-71
11. Турсунов Р.Р. Размещение и специализация мясного скотоводства
По регионам республики [Текст] / Амиров Н.И., Турсунов Р.Р., Икромиддин Н. // Известия вузов Кыргызстана №10, 2017 г. С.81-84
12. Турсунов Р.Р. Тепличный бизнес и его влияние на состояние
Экономики страны [Текст] / Турсунов Р.Р., Амиров Н.И., Икромиддин Н. //Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, №12, 2017 г. С. 76-78
13. Турсунов Р.Р. Влияние естественного прироста населения на качество трудовых ресурсов в аграрном секторе Республики Таджикистан [Текст] / Амиров Н.И., Икромиддин Н.// Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, №12, 2017 г. С.69-72.
14. Турсунов Р.Р. Ресурсный потенциал мясного скотоводства Республики Таджикистан [Текст] / Амиров Н.И., Турсунов Р.Р., Икромиддин Н.// Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана №11 2015 г. С. 57-60
15. Турсунов Р.Р. Основные факторы, влияющие на производство мяса в различных формах хозяйствования [Текст] / Амиров Н.И., Турсунов Р.Р., Икромиддин Н. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана №11 2015г. С.-54-56
16. Турсунов Р.Р. Спрос и предложение рабочей силы на рынке труда Хатлонской области [Текст] ](на таджикском языке) / Холов РМ., Турсунов Р.Р., Бобохонов О.А. //Международная научно-практическая конференция – «Независимость-основа развития энергетики страны»
17. Турсунов Р.Р. Анализ современного состояния рынка труда в аграрном секторе Республики Таджикистан [текст] / Жапаров Г.Д., Турсунов Р.Р. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана №11, 2018 г. С.61-64
18. Турсунов Р.Р. Прогнозная динамика экономики Республики Таджикистан на рынке труда и состояние сельскохозяйственной отрасли [текст] / Жапаров Г.Д., Турсунов Р.Р. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана №11, 2018 г. С.65-67

**Турсунов Расул Рустамовичтин “Эмгек рыногунун Тажикстан Республикасынын агрардык тармагынын өнүгүүсүнө тийгизген таасири” аттуу темада 08.00.05 – “Эл чарбасынын экономикасы жана башкаруу (ишканалардын, тармактардын, комплекстердин – АӨЖК, айыл чарбасынын экономикасы, уюштуруу жана башкаруу)” адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык изилдөөсүнүн**

**КЫСКАЧА МАЗМУНУ**

**Негизги сөздөр**. Агроөнөр жай комплекси, эмгектик мамилелер, иш менен камсыз кылуу, социалдык кепилдиктер, эмгек, демографиялык кырдаал, дүң жыйымы, мал чарбасы, дыйканчылык.

**Изилдөө объектиси** Тажикстандагы эмгек рыногу болуп саналат, ал адамдык потенциал аркылуу экономиканы өнүктүрүүнүн башкы категорияларынын бири катары каралат.

**Иликтөөнүн предмети** Тажикстандын айыл чарба тутумундагы жана агроөнөр жай комплексиндеги эмгектик мамилелердин жыйындысы болуп эсептелет.

**Алынган натыйжалар:** чет өлкөлүк жана ата-мекендик экономисттердин илимий иштерине жана экономикасы менен эмгек рыногу жогору өнүккөн өлкөлөрдүн тажрыйбасына таянып эмгек рыногунун маңызы, инфратүзүмү жана калкты иш менен камсыз кылуу боюнча иш-милдеттери көрсөтүлдү, агрардык тармактагы эмгек рыногунун иштөө өзгөчөлүктөрү, анын өнүгүшүнө жана натыйжалуу иштешине тоскоол болуучу факторлор ачыкталды, индустриалдык- инновациялык экономикага өтүү шартында эмгек рыногун өнүктүрүү жана элет калкын иш менен үзүрлүү камсыз кылуу тенденциялары аныкталды.

**Колдонуу деңгээли:** бул диссертациялык иште сунушталган теориялык жана практикалык тыянактар жана сунуштар, ошондой эле усулдук ыкмалар эмгек рыногуна жана агрардык тармакты өнүктүрүүгө таасирин тийгизет, ошондой эле өлкөнү экономикалык жана социалдык өнүктүрүү боюнча стратегиялык программаларды иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн.

**Колдонуу тармагы:** эмгек рыногу, ошондой эле айыл чарба тармагы жаатында социалдык-экономикалык программаларды түзүүдө жана иш менен камсыз кылуу алкагында аймактарды өнүктүрүү үчүн колдонулат.

## АННОТАЦИЯ

**диссертации Турсунова Расула Рустамовича «Влияние рынка труда на развитие аграрного сектора республики Таджикистан» на соискание ученой степени кандидата экономических наук по специальности 08.00.05 – экономика и управление народным хозяйством (экономика, организация и управление предприятиями, отраслями, комплексами – АПК и сельское хозяйство)**

**Ключевые слова.** Агропромышленный комплекс, трудовые отношения, занятость, социальные гарантии, труд, демографическая ситуация, валовый сбор, животноводство, растениеводство.

**Объектом исследования** является рынок труда в Таджикистане как одна из главных категорий развития экономики через человеческий потенциал.

**Предметом исследования**, является совокупность трудовых отношений в системе сельского хозяйства и агропромышленного комплекса Таджикистана.

**Полученные результаты,** выявлена и раскрыта сущность рынка труда, его инфраструктура и функции по обеспечению занятости населения, на базе изученных научных работ зарубежных и отечественных экономистов и на опыте высокоразвитых стран, с развитой экономикой и рынком труда, определены особенности функционирования рынка труда в аграрном секторе, существующие факторы рынка труда в аграрном секторе, выступающих в качестве барьера в его развитии и эффективном функционировании, выявлены тенденции развития рынка труда и продуктивной занятости сельского населения в условиях перехода к индустриально- инновационной экономике.

**Степень использования,** заключается в том, что предложенные в данной диссертационной работе теоретические и практические выводы и предложения, а также методические подходы влияют на рынок труда и на развитие аграрного сектора, а также могут быть использованы в разработках стратегических программ экономического и социального развития страны.

**Область применения.** Применяется при составлении социально-экономических программ в области рынка труда, а также сельскохозяйственной отрасли и для развития регионов в рамках занятости.

**ABSTRACT**

dissertations of Tursunov Rasul Rustamovich "The impact of the labor market on the development of the agricultural sector of the Republic of Tajikistan" for the degree of candidate of economic Sciences in the specialty 08.00.05-Economics and management of national economy (economy, organization and management of enterprises, industries, complexes-agriculture and agriculture)

**Keyword.** Agro-industrial complex, labor relations, employment, social guarantees, labor, demographic situation, gross harvest, livestock, crop production.

**The object of the study** is the labor market in Tajikistan as one of the main categories of economic development through human potential.

**The subject of the study** is a set of labor relations in the system of agriculture and agro-industrial complex of Tajikistan.

**The obtained results** revealed and disclosed the essence of the labor market, its infrastructure and functions to ensure employment, on the basis of the studied scientific works of foreign and domestic economists and the experience of highly developed countries with a developed economy and the labor market, the peculiarities of the labor market in the agricultural sector, the existing factors of the labor market in the agricultural sector, acting as a barrier to its development and effective functioning, identified trends in the development of the labor market and productive employment of the rural population in the transition to the industrial sector.- innovative economy.

**The degree of use is** that the theoretical and practical conclusions and proposals proposed in this thesis, as well as methodological approaches affect the labor market and the development of the agricultural sector, and can also be used in the development of strategic programs of economic and social development of the country.

**Application.** It is used in the preparation of socio-economic programs in the labor market, as well as the agricultural sector and for the development of regions in the framework of employment.